**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.07.16.528**

***Кол жазма укугунда***

**УДК: 94 (574). 084-058 1930/1950**

**АХМЕТОВ АЛИБЕК КАНАПИЯНОВИЧ**

# СССРдеги БМСБ – ЭИИК ИИМдин Казакстан аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин жумуш күчүн пайдалануу (XX кылымдын 1930-1950-жылдары): тарыхый аспект

**Адистиги: 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2017**

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин психологиялык-педагогикалык жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору
**Ормушев Асан Сулайманович**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Арзыматова Айнура Атыгаевна**

тарых илимдеринин кандидаты
**Абдрахманов Болотбек Джумашевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин “Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы” кафедрасы
**Дареги:** Бишкек шаары, Тынчтык көчөсү, 27

Диссертация 2017-жылдын “30”-июнунда саат 14.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528. Диссертациялык Кеңештин жыйынында корголот. **Дареги:** 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.
**Дареги:** 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51а. Диссертациянын жана авторефераттын толук текстти «arabayev.kg» сайтында жайгаштырылган.

Автореферат 2017-жылдын “30”-майында таркатылды.

**Диссертациялык Кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин**
**доктору, профессор** **Н.У.Курбанова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ.

**Теманын актуалдуулугу** СССРдин курамына кирген Казакстандын аймагындагы XX кылымдын. 30-50-жж. эмгек түзөтүү лагерлериндеги репрессияга кабылып – мамлекет тарабынан айыпталган кылмышкерлердин эмгегин пайдалануунун тарыхын изилдөөгө шартталган. Андыктан камактагы кылмышкерлердин эмгегин өнөр жай өндүрүшүндө пайдалануу жөнүндөгү маалыматтар бири-бирине карама-каршы жана татаалдыгы бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктайт.

Жаңыдан түзүлгөн Совет мамлекетинин астында көптөгөн максаттар турган. Индустриализация, айыл чарбаны коллективизациялоо үчүн көптөгөн кара күч зарыл болгон. 1924-1925-жж. аскердик реформасы армиянын катарынан көптөгөн аскерлердин бошонуп келиши менен белгилүү. Совет өкмөтү аларды кара күч катары колдонууга багыттаган. Бирок, өлкөдөгү элдин кара күчү жетишсиз болгондугуна байланыштуу, өлкөнүн пенитенцианардык системасынын потенциалын колдонууга көз артылган.

Жаңыдан бутка туруп жаткан тоталитардык саясий режим өлкөдөгү камакта жаткан миңдеген адамдардын кара күчүн колдонгонго мүмкүнчүлүк берген. 30-50-жж. массалык репрессиялар камактагылардын санынын өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Тоталитардык мамлекеттин жазалоо органдарынын структуралык бөлүмү катары ГУЛАГ системасында камактагылардын эмгегин колдонуу ыкмасы кеңири масштабда ишке ашкан.

Репрессиялардын жана камактагылардын эмгегин колдонуу тарыхын изилдөөсү 80-жж. башталган. Архивтерде ачылган жаңы документтер Сталин мезгилдеги репрессиялардын маңызын түшүнүүгө өбөлгө түзгөн.

Казакстанда бүгүнкү күнгө чейин эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу жөнүндөгү илимий эмгектер жалпы гана түшүнүк берүү менен чектелип, толук илимий изилдөө жүргүзүлбөгөн. Бул илимий эмгкетерде эмгек-түзөтүү лагерлерин уюштурулушу тууралуу жалпы түшүнүктөр берилгени менен, өлкөдөгү ГУЛАГтын объектилериндеги камактагылардын күч эмгегин мажбурлоо менен колдонуу тууралуу толук маалыматтар камтылган эмес.

Бул илимий изилдөө иши лагердеги катаал режимди, күнүмдүк турмуштун төмөнкү деңгээлин, турак-жайлардын жана медициналык мекемелердин шарттарын, камактагылардын укугунун бузулушу, нравалык жактан алсызданышын ачыкка чыгара турган архивдик жана купуя материалдарды изилдөө сыяктуу маалыматтарды камтыгандыгы менен чоң мааниге ээ. Ошондуктан, бул көйгөйлөрдүн натыйжалуулугун изилдөө, Казакстанда 1930-1956-жылдары эмгек-түзөтүү лагериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо менен пайдалануу маселелерин изилдөөсү актуалдуу болууда.

Лагердик башкаруунун өзгөчө ыкмаларын, социалисттик экономикага тийгизген таасирин, камактагылардын жашоо шартынын жана медициналык камсыздоонун төмөндүгүн, кылмышкерлерге жасалган одоно мамилелерди архивдик документтердин негизинде иликтөө чоң кызыгууну жаратат.

Бул илимий маселе окумуштуулар тарабынан көп жылдар бою иликтөөгө алынган эмес, ал эми Казакстан өз алдынча эгемендүү мамлекет болгон мезгилден тарта өткөн тарыхтын оор мезгилдери өсүп келе жаткан муунга таассир тийгизген маселени ачуу жана аны изилдөө диссертациянын актуалдуулугун белгилейт. Ошону менен бирге ошол мезгилдердин ачуу сабактарын, күнөөсүз репрессияга кабылгандардын, эмгек-түзөтүү лагерлериндеги оор запкынын экинчи кайталанбас үчүн жаңы сунуштарды берүүгө мүмкүндүк түзүсү менен актуалдуу болуп эсептелет.

**Диссертациянын изилдөө обьектиси** болуп сталиндик доордогу заманбап Казакстандын аймагындагы лагердик жана колониялык эмгек-түзөтүү жана эмгек системасын изилдөө болуп эсептелет.

**Эмгектин изилдөө предмети** катары Казакстандын аймагындагы эмгек лагерлердеги жана колониялардагы камактагылардын күчүн мажбурлап пайдалануу системасынын жүрүшү, өнүгүшү жана генезис болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин башка илимий программалар менен болгон байланышы.** Диссертация автордун жеке демилгеси менен жазылды.

**Методология.** Изилдөөнүн негизин жалпылай тарыхый жана накталай иликтөө методдорунун комплекстүү берилүүсү түзөт. Диссертациялык иштин методологиялык негизин чындыкты диалектикалык ыкма менен билүү жана тарыхый принциптер түзөт.

**Изилдөөнүн максаты.** Диссертациянын максаты – Казакстандын өнүгүү жана кризис мезгилиндеги (1930-жылдардын соңу жана 1950-жылдардын ортосу), СССРдеги БМСБ – ЭИИК ИИМдин лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануунун ыкмаларын толук иликтеп чыгуу.

*Эмгектин максатына ылайык төмөнкү милдеттер коюлган.*

- Казакстандын аймагында эмкек түзөтүү лагерлеринин (ЭТЛ) уюштуруунун жана калыптандыруунун себептерин аныктоо. Лагердик контингенттердин түзүлүшүн, ыкмасын, көлөмүн жана натыйжалуулугун изилдеп чыгуу

- Казакстандын мисалында, камактагылардын эмгегин массалык түрдө мажбурлап пайдалануунун себебин жана анын мамлекеттин экономикасынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин иликтөө. Лагердегилердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануунун көп жылдарга чейин сакталуусунун себептерин жана эмгек лагерлеринин жоюлушунун шарттарын иликтөө.

- Эмгек түзөтүү лагерлериндеги саламаттык сактоо кызматынын абалын жана камактагы ооруларды дарылоо, айыктыруу, дары-дармектер менен камсыздоо, медициналык кызматкерлердин профессионалдык деңгээлин аныктоо.
- Камактагылардын эмгегин мажбурлоо менен пайдаланууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана принциптерин ачыкка чыгаруу, лагердик тартиптин жана өндүрүштүн бири-бирине тийгизген таасирине, хронологиялык ишке тиешелүү ар кандай мезгилдердеги лагердик эмгекти стимулдап туруусун тактоо.
- Камактагы жогорку квалификациялоо адистердин ойлоп табуучулук иштерге катышып, илимий изилдөөчү институттар, лабораториялар, согуштук курал жарактарды сыноочу полигондордогу кызматкерлер жана туткунга түшкөн чет өлкөлүк илимпоздор менен биргилекте иштөөнүн натыйжаларын, лагердеги өндүрүштү жана экономикалык иш аракетти иликтөө, лагердик өндүрүштүн натыйжалуулугуна илимий баа берүү;
- Казакстандагы эмгек түзөтүү лагерлериндеги өнөр жай ишканаларында, айыл чарба өндүрүшүндө иштеген камактагылардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүдө, ылдамдатылган мөөнөттө жеңилдетилген режимге которуу, шарттуу түрдө мөөнөткө чейин бошотуу сыяктуу ыкмаларын аныктоо;
- Советтер Союзундагы ГУЛАГтын күнөөсүз адамдарды айыптап, эмгек түзөтүү лагерлеринде мажбурлап иштетүүсү СССРдин мыйзамынын негизинде ишке ашырылышын, ар кайсы мезгилдердеги лагердик системадагы контингенттердин иштешинин шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн тарыхнаамасы.** Казакстандын территориясында СССРде ГУЛАГдын пайда болуу тарыхы жана иштөө системасы Совет мезгилинде эле башталган, бирок эң негизги себеп изилдөө үчүн булактардын жетишсиздиги жана изилдөө мүмкүнчүлүгү чектелгендиги болгон.

Бул теманы изилдөөдө ошол убактагы архивдик материалдардын жеткиликтүүсү менен жана ошондой эле ал жакта иштеген камактагылардын жана лагер кызматкерлерден маалымат топтоо менен гана чектелген.

Кайра куруу жылдарында жана СССР кулаган мезгилинде изилдөөчүлөр жашыруун архивдик материалдарды карап чыгууга мүмкүнчүлүк алышкан.

СССРде ГУЛАГды изилдөө жана пайда болуу жылдарында бул проблеманы изилдөөдө өтө чоң тажрыйба пайда болду. Көпчүлүк изилдөөчүлөр, лагердик экономиканын тарыхын иликтешип, ал эми чет өлкөлүк окумуштуулар лагердик системаны жана сталиндик куугунтуктоо саясатына мүнөздөмө беришип, камактагылардын шарттуу динамикасына, санына, сапатына байкоо жүргүзүшкөн.

1990-жылдардын экинчи жарымында Казакстан аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлери изилдене баштаган. Диссертациянын автору Батыш Европадагы, АКШдагы, Россия Федерациясындагы, Кыргызстандагы, Казакстандагы окумуштуулардын илимий эмгектерин анализдеп, изилдөөгө ылайык жыйынтык чыгарды. Андыктан бул багытта изилденип жаткан теманын тарых наамасынын чагылдырылышы төрт бөлүккө бөлүнүп изилдөөгө алынды.

*Биринчи бөлүктө* Россиялык окумуштуулардын эмгектерине анализ жүргүзүлдү. Лагердик экономика жөнүндөгү көйгөйлөрү Россиянын тарыхчы изилдөөчүлөрү аркылуу жакшы маалыматтар менен сүрөттөлгөн, мында сталиндик репрессия жана лагердеги түзүлүш сүрөттөлөт, кылмышкерлердин сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү өндүрүш чарбасындагы алардын ролу чагылдырылат.

Жыйынтыгында өткөн жүз жылдыктын 90-жылдарынын орто ченинде россиялык окумуштуу изилдөөчүлөр тарабынан көптөгөн маалымат, материалдар, документтер топтолуп басылып чыкты. Мисалы, изилдөөчүлөр В.Н. Земсков [24], А. Н. Дугин [25], В.В. Цаплин [26], Г. М. Иванова [27] өз эмгектеринде мурда белгисиз болгон, жашыруун деп эсептелген маалыматтарды жарыялашкан, анда камактагылардын сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү кеңири изилденген. Өзгөчө Советтер Союзу учурунда камактагылардын эмгегин эл чарбасында мажбурлоо жолу менен пайдалануунун механизмин жана ролун ачышкан.

Эмгек-түзөтүү лагерлеринин жана кылмышкерлердин тарыхы тууралуу басылмалар чет элде да басылып чыккан, албетте ал СССРдин С. П. Мельгунов [8], И. Солоневич [9], Д. Далин, Б. Николаевский [10] жана башка эмигранттардын демилгеси менен жарыкка чыккан.

Сталиндик лагерлердик түзүлүштү толук ачып берүүгө адабий-публицистикалык формада В. Шаламов [14], О. Волков [15], Л. Разгон [16] аттуу инсандар аракет жасашкан.

Россиялык окумуштуулар Б. С. Утевскийдин [2], Е. Г. Ширвиндттин [3], Т. Кесслердин [4] жана башкалардын эмгегинде кылмышкерлерди жазалоонун зарылдыктары негизделген укуктук маселелерге көңүл бурушкан.

*Экинчи бөлүктөгү* изилдөөчүлөргө Казакстандык илимпоздордун эмгектери иликтенди. Казакстандын аймагындагы XX кылымдын 30-50-жылдарындагы Советтик мамлекеттин репрессилык саясаты жазалоо органдарынын ишмердүүлүгү, ГУЛАГ системасындагы, камактагыларды эмгекке пайдалануу өзгөчө оңдоп-түзөө лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу ыкмасы, ошону менен бирге эмгек-түзөтүү лагери, Казакстандын окумуштуулары үчүн зор кызыгууну жаратты.

Алсак, Ж.Б. Абылхожин [40], Г.А Жумасултанова [41], М.К. Козыбаева, К.С. Алдажуманов [42], А.Р. Кукушкина [43],

Д.А. Шаймухановменен С.Д. Шаймухановванын [44] тарабынан жазылган тарыхый эмгектерге теориялык жактан анализдөө жүргүзүлгөн.

Акыркы жылдары А.К. Ахметов тарабынан эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу ыкмалары тууралуу көптөгөн илимий макалалары Казакстан менен Кыргызстандын илимий журналдарында жарык көрдү.

*Үчүнчү бөлүктө* Кыргызстандагы 30-жылдардагы массалык репрессиялар жана коргоо органдарынын тарыхы тууралуу А. Джакишев[192], З. Курманов, У.Бегалиев[252], Б.Абдрахманов жана Т.Разаковдун [208] эмгектеринде кеңири изилдөө жүргүзүлгөн.

Бул багытта тарых илимдеринин доктору профессор З. Курмановдун илимий иштерин баса белгилей кетсек болот, анын негизги изилдөөлөрү Кыргызстандагы Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы маанилүү саясий бийликтин процесстерине, ошондой эле Сталиндик режимдин репрессиясында каардуу жылдардагы интеллигенциянын оор турмушуна арналган. Тарых илимдеринин доктору, профессор А.Жакишевдин жана тарых илимдеринин кандидаты У.Бегалиевдин эмгектеринде ички иштер органдарынын коомдук тартипти жана кылмыштуулук менен күрөшүү иштери Совет бийлигинин мезгилинде калыптангандыгы изилденген.

Кыргызстандагы коопсуздук комитетинин уюшулушу жана калыптанышы жана 30-жылдардагы массалык репрессия жана саясий куугунтуктар тууралуу Б. Абдрахмановдун, Т.Раззаковдун эмгектери архивдик материалдардын негизинде жазылган.

*Төртүнчү бөлүктө* чет элдик окумуштуулардын эмгеги каралды. Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануудагы көйгөйү, жалпысынан алганда СССРдин тарыхтагы бул системасы чет элдик окумуштуулардын кызыгуусун арттырды. Мисалы, СССРдин укук сотунун тарыхы батыштын көрүнүктүү окумуштуусу П. Соломондун [11] эмгегинин обьектиси болду.

Америкалык изилдөөчү Р. Конкевстин «Чоң террор» [12] эмгегинде 1930-жылдардагы СССРдеги террор иликтенген. Мында бирдиктүү коом түзүү максатында экономикалык жана социалдык стабилизациялардын турукташынын колдонулушу, революциянын өтө катаал көрүнүшүнө, жарандык согушка жана экономикалык жардылыкка алып келген советтик бийликтин алгачкы жылдарындагы кызыл террор берилген.

Чет элдик окумуштуу Т. Клиффтин көз карашында камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонуу бул – жумушчу колунун жана капиталдын жоктугунан улам келип чыкканын белгилейт [21].

Башка иликтөөчү С.Шварцтын иликтөөсүндө СССРдеги лагердик түзүлүштүн көбөйүшү жана өнүгүшү каралган. Анын оюнда камактагы кылмышкерлердин жардамы менен экономикалык курулуштардын проекттери ишке ашкан, бул эркин эмгекчилердин колунан мынчалык кыска убакыттын ичинде келмек эмес, бул долбоорлор – адамдык

кырсыктарга алып келген да экономикалык жактан эч кандай актоо жок [22].

Ата Мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектериндеги жүргүзүлгөн историографиялык анализдеринин жыйынтыгында Казакстандын аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлериндеги жана кылмышкерлердин эмгегин пайдаланууга арналган комплекстүү илимий эмгектердин жоктугу далилдеди.

**Иликтөөнүн илимий жаңылыгы** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– Казахстандын аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлерин уюштуру жана калыптандыруу себептерин, камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануунун ыкмаларын алгачкы жолу комплекстүү түрдө изилдөөгө алынышы.

– диссертациянын жаңылыгы автордун буга чейин кеңири илим чөйрөсүндө али камтыла элек архивдик жана башка булактардагы фактыларды колдонулушу;

– Казакстандын аймагында жайгашкан эмгек-түзөтүү лагерлердеги камактагылардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу системасы биринчи жолу атайын иликтөөгө алынышы;

– Республиканын экономикасын өнүктүрүүдө эмгек-түзөтүү лагериндеги камактагылардын эмгек күчүн арзан пайдалануунун ролунун көрсөтүлүшү;

– Советтик жазалоо органдарынын буйруктары жана чечимдери Казакстандын эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагыларды башкарууда аткарылышы биринчи жолу иликтенди;

– эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылдардын эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу системасынын экономикалык жана социалдык ролун аныктоо, аны менен катар эмгек-түзөтүү лагерлерине тийгизген таасири.

**Эмгектин илимий-практикалык мааниси** диссертант тарабынан жыйналган жана анализденген маалыматтар нормативдик укуктарды калыбына келтирүүгө жол берет, эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкердердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдаланууну калыпка салуу, иликтөөдө каралган убакыттын ичинде аларды пайдалануудагы негизги өзгөрүүлөрдү кароого мүмкүнчүлүк берет.

– Советтик мамлекеттин жана СССРдин ГУЛАГ БМСБ – ЭИИК ИИМнын тарыхын иликтөөдө жардам бере алат.

– Казаксандын тарыхын окуп үйрөнүүдө лекциялык жана семинардык сабактар учурунда, музейдеги буюмдарды түзөөдө көмөк берет.

**Диссертацияны жактоодогу коюлуучу негизги жоболор:**

Нормалык-укуктук негиздерди изилдөө, эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонууну колго алган түзүлүштүн жумушу төмөнкү жоболорду чыгарууга негиз болду:

1. Казахстандын аймагында эмкек-түзөтүү лагерлерин (ЭТЛ) уюштуруунун жана калыптандыруунун себептерин тастыктоо менен, лагердик контингенттердин жана камактагылардын санынын өсүшүн статистикалык маалыматтарга таянуу менен изилдеп чыгуу.

2. Эмгек-түзөтүү лагерелериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу Советтер Союзунун тоталитардык режимге өтүүсүнүн ачык көрсөткүчү катары көргөзүү.

3. Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануудагы укуктук негиздердин өзгөрүшү жана анын Советтик мамлекетте болуп жаткан карателдик саясатка төп келиши.

4. Эмгек-түзөтүү лагериндеги оор абал: турмуш-тиричиликтин канааттандырбаган шарттары, жетишсиз тамак-аш, дарылоо-алдын алуу мекемелеринин төмөнкү деңгээли.

5. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Карагандыдагы жана Жезказгандагы эмгек лагерлеринин өндүрүшүн советтик аскерлерди ок-дары менен камсыз кылууга ылайыктап түзүү.

6. Эмгек-түзөтүү лагерлеринде иштеген кылмышкерлердин айыл-чарба багытында жана дың жерлерди өздөштүрүүдө кошкон салымы.

7. Жогорку адистиги бар камактагылардын катышуусунда эмгек-түзөтүү лагерлеринде илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

**Диссератациянын хронологиялык алкагы.** Изилдөөнүн хронологиялык алкагы XX кылымдын 30-50-жж. менен чектелген.

**Диссератациянын булактык базасы.** Маалымат булактары менен иштөөдө автор көбүнчө критикалык анализ, татаалдык жана жалпылык принциптерине теманы ачык-даана ачып берүү үчүн көп көңүл бурган. Тарыхый илимге ылайык классификацияланган маалымат булактарын төмөнкүдөй бөлүп кароого болот:

– *Ченемдик укуктук актылар*. Бул – эмгек-түзөтүү жана эмгек кодекстери, камактагылардын эмгегин жана режимин көзөмөлдөөчү инструкция жана жоболор, ошондой эле жаңы режимди киргизүүчү жана лагерьден бошотуу жөнүндөгү указдар. Жазылып чыккан документтер ГУЛАГдагы камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануу менен байлашыштуу [22] .

– *Архивдик булактар*. Казакстан Республикасынын Президентинин Архивинен, Караганда, Акмолин областарынын мамлекеттик архивинен, Джезкаган шаардык архивинен, маанилүү маалыматтар Россия Федерациясынын архивинен алынган, ал жерде СССРдеги ГУЛАГ БМСБ – ЭИИК ИИМтин экономикасындагы жана камактагылардын эмгегин күч менен пайдалууга тийиштүү негизги материалдар камтылган. Жыйынтыгында жашыруун архивдик материалдарга кирүүгө мүмкүндүк алууга уруксат берүүнүн натыйжасында сталиндик кылмышкерлердин

эмгегин күч менен пайдалануу системасы тууралуу көптөгөн материалдар жыйналды.

– *Документалдык материалдар.* Буларга советтик жана партиялык басылып чыккан документтер кирди беш жылдык план түзүү боюнча директивалар, СССРдин элдик айыл чарбасынын өнүүгүүсүнүн пландары жана башкалар декреттер, эрежелер, мыйзамдар, указдар, СССРдин тушундагы эмгекти күч менен пайдалануунун системасын түзгөн директивалар кирет;

– *Басма сөздүн материалдары.* Өзгөчө кызыгуу жараткан материалдар Акмоло, Караганда облустарындагы гезиттердеги маалыматтар жана «Казакстанская правда», «Лениншил жас» республикалык гезиттерден алынган. Мындан сырткары «Правда», «Известия» жана «Комсомольская правда» гезиттеринен, «Административный вестник» же «Вестник народного комиссариата внутренних дел», «Еженедельник советской юстиции», «Военно-исторический журнал», «Извести ЦК КПСС» журналдарынын маалыматтары терең изилденип алынган.

– *Өздүк маалымат булактары.* Буларга мемуарлар, эскерүүлөр, оозеки аңгемелешүүлөрдүн жазылып алынышы, камактагылардын лагердеги жазмалары, элдин каттары жана адабий чыгармалар.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы** катары бул изилденип жаткан илимий изилдөө Казахстандын тарыхнаамесинде алгачкы жолу ар тараптуу изилдеши. Анын баалуулугу бул теманы иликтөөдөгү кезиккен ар кандай багыттагы жана ар кандай маанидеги тарыхый булактарды жана адабиятарды иликтеп жана анализдеп чыккандыгында.

**Иликтөөнүн жыйынтыгын апробациялоо.** Диссертациянын кол жазмасы Казакстан республикасынын илим жана билим Министрлигинин Тарых жана Этнология Институту тарабынан жана И.Арабаев атындагы КМУнун М.Р.Рахимова атындагы кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда талкууланып, коргоого сунушталган.

Диссертациядагы жоболор, жалпы жана жеке натыйжалар республикалык жана эл аралык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамаларда угулган. Өзүнчө маалыматтар Казакстандагы «Кокше» жана Казакстандын инженердик-техникалык университетинин студенттери менен талкууда ортого салынган.

**Басылмалардагы диссертациянын натыйжасынын толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары Кыргызстандын жана Казакстандын басылмаларында 11 илимий макала басылып чыккан.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутунду, пайдаланылган адабияттардан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи бапта «1930-1950-жылдардагы ГУЛАГ системасындагы кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдаланууну уюштуруу»** деп аталып, үч бөлүктөн турат.

**Биринчи баптын биринчи бөлүгүндө «Казакстандын аймагында СССРдин ГУЛАГ системасынын пайда болушу»** - деп аталып, анда кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу уюмунун нормативдик-укуктук негиздери каралат. Айта кетчү нерсе ГУЛАГдын тарыхы кылмышкерлердин советтик экономикадагы эмгегин күч менен пайдалануусу менен тыгыз байланышта. Советтер Союзунда кылмышкерлердин эмгегин күч менен пайдалануу жөнүндө көп маалыматтар табылган. Мисалы, «Мажбурлоо жолу менен иштетүү лагерлери жөнүндө» жобосу 1919-жылы 17-майда ВЦИКтин жобосу менен бекитилген. Мындан кийин 1929-жылы 11-июлда СССРдин Совнаркомдун «Кылмышкерлердин күчүн пайдалануу» жобосунда ЭИИКке Ухта жана башка Советтик Союзунун райондордогу лагерлеринен пайда табуу жана байлыкка умтулуу максатында көбөйтүүнү талап кылып, тапшырма берилген.

1929-1931-жылдары СССРдин аймагында эмгек-түзөтүү лагерлеринин уюшулганына байланыштуу лагерлерде мажбурлоо менен эмгекке тартышкан. Ушу сыяктуу лагерлер биринчи болуп Казакстанда түзүлгөн (Карлаг-Караганда лагери) – ГУЛАГдын системасындагы эмгек-түзөтүү лагерлердин эң ириси Карагандадагы лагер эсептелген. Бул эмгек лагерлерин куруунун негизги максаты болуп Борбордук Казакстандагы көмүр металлургия өнөр жайы өнүгүш үчүн ири тамак-аш жана өндүрүш базасын түзүү менен Караганда таш көмүр бассейинин, Жезказгандык жана Балкашда темир эритүү комбинаттарын түзүү болгон. Ошондой эле Казакстандагы дың жерлерди өздөштүрүү менен бул аймакта азык-түлүк өнөр-жай комбинаттарын куруу да каралган.

**Биринчи баптын экинчи бөлүгү «ГУЛАГ эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин эмгек күчүн пайдалануунун негизги принциптери жана өзгөчөлүктөрү».**

XX кылымдын 30-жылдарындагы ЭТЛдин өнүгүүсүн кароодо камактагылдарды иштетүү тартиби толугу менен кайрадан жаңыланып өзгөрүлгөн. Аймактык-башкаруу ыкмасынын ордуна өндүрүштүк жана

экономикалык тармак боюнча башкаруу ыкмасы киргизилген. Кылмышкерлердин эмгеги өлкөнүн табигый байлыктарын өндүрүүгө жумшалган, ал кен байлыктар экономиканын өнүгүүсүнө түрткү болгон, бирок арзан жумуш күчү дагы эле жетишсиз болгон.

Согуштун алдыңкы жылдарында ГУЛАГ системасында Главпромстрой, Главспецстрой, ГУДЖС, ГУШОСДОР, Дальстрой, Главспеццветмет, Главасбест сыяктуу тармактар иштеген. Көпчүлүк башкаруулар анын ичиндеги шахталарды жана ишканаларды куруу кичи бөлүктөрү структуралык аналогиялык тармактардан өтө айырмаланган эмес. Уюштуруу түзүлүштөрү кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонгондугу менен гана айырмаланган. Ошондуктан өндүрүштүк-техникалык уюштуруу иштерин башкарган кызматкерге кошумча түрдө кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен пайдалануу ыкмасы менен тыгыз болгон режимдик жана спецификалык жумуштарды ошондой эле маданий-массалык иштерди аткаруу да тапшырылган.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен эмгек-түзөтүү лагерлериндеги өнөр-жай ишканалары өлкөнү коргоо багытына ылайыкташтырылган. СССРдин Элдик Комиссарлар Кеңеши согуштун алгачкы айларында ГУЛАГ үчүн алыскы тылдагы биринчи сактануу иштерине негизделген жумуштарды тапшырган, бул кылмышкерлердин биринчи жерден экинчи жерге көчүүсүнө негиз болгон. Согуш учурунда эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлер фронт үчүн иштөө үчүн башка жерлерге көчүрүлгөн, ал эми башкалар болсо элдик чарбаны сырьё жана башка согушка керек болгон материалдар менен көбөйтүү тапшырмасын алышкан. Эмгек-түзөтүү лагерлерине өтө аз убакыттын ичинде: бомбаларды, снаряддарды, миналарды жана башка согуш куралдарды өздөштүрүү тапшырылган.

ГУЛАГ 1943-жылы кабыл алган милдеттемелердин өз убагында аткаруу боюнча лагерлердин жана мекемелердин өндүрүштүк өнүгүүсүнө мүмкүндүк берүү менен өндүрүштүк планды 104 % ын аткарууга 82 мм. минаны чыгаруу эки эсеге өсүп жана 120 мм. мина беш эсе өскөн.

Вольфрамдын, молибденди, сейрек кездешүүчү металлдардын, жездин, никелдин, калайдын кубаттуулугун өндүрүү боюнча ири өндүрүштүк ишканалар иштеген. Темир жана шоссе жолдор курулган.

Гитлердик Германия менен болгон согуш аяктаган соң 1945-жылдын 7-июлунда чыккан СССРдин Жогорку Кеңешинин президиумунун «Амнистия жөнүндө» аттуу указы менен эмгек лагерлерден жана колониялардын 301260 адам бошотулган, булар жалпы камактагылардын 20% түзгөн. Казак ССРнин ЭТЛ кичи бөлүмүнөн 15217 адам бошотулса, анын ичинен 3963 адам медициналык көрсөткүчтүн негизинде бошотулган. 1945-жылдын аягында колониялар 53төн 22ге чейин азайган [11]. Өтө татаал кырдаалга Карагандалык ЭТЛ учурады, ал жерде амнистия учурунда 58179 адам болгон, контингенттин 20% росконвоированныйлардын

катарына кошулгандыктан амнистиянын себебинен бошотулган, бул чарба иштерине чоң залакасын тийгизген [12].

Кылмышкерлердин эмгегин мажбурлоо жолу менен колдонуу согуштан кийинки жылдары көбүнчө СССРдин Кеңеш Министрлигинин атайын жобосу менен ишке ашкан, ал жоболорду аткарууда жаңы эмгек лагерлерди эле куруу менен гана чектелбестен кошумча жумушчу күчтү тактоо жагы да каралган.

Бул этаптын башталышы мамлекеттеги кылмышкерлерди жазалоо саясатынын радикалдуу түрдө өзгөрүү учуруна туш келген, ал 1954-жылы СССР ИИМ тарабынан даярдалган «Эмгек-түзөтүү лагерлери жана колониялар жөнүндөгү» жобо менен бекитилген. Жаңы шарттар кылмышкерлердин убакытын өтөө маалындагы алардын ролун аша чабуу менен колдонгонго алып барган.

50-жылдардын ортосунда мурдагы эмгек лагерлерди жоюуга байланыштуу, жаңы колонияларды уюштуруу менен өндүрүштүк ишканаларды кылмышкерлердин эмгегин пайдалануу каралган.

**Биринчи баптын үчүнчү бөлүгү «Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги (ЭТЛ) саламаттык сактоо кызматы» деп аталат.** Эмгек лагерлериндеги өндүрүштү өнүктүрүүдө иштеген кылмышкерлердин ден-соолугун сактоо башкы маселелердин бири болгон.

1924-жылы РСФСРдин эмгек-түзөө боюнча кабыл алынган кодексте эмгек лагерлериндеги кылмышкерлерге медициналык жардам көрсөтүү белгиленип берилген, анда оорулуу кылмышкерлер үчүн атайын жерлерди бөлүп берүү каралган. Кийинчерээк ГУЛАГдын санитардык кызматы иштей баштайт, анын милдетине кылмышкерлердин ден-соолугун сактоодо чоң роль ойногон эмгек регламентин түзүү; кылмышкерлерди даарылоого багытталган ар кандай иш-чараларды уюштуруу; кылмышкерлердин ден-соолугун көзөмөлдөп туруу; ооруунун, өлүмдү азайтуу жана эпидемиялык ооруларды кантип жуктуруп албоо керектиги тууралуу иш-чараларды өткөрүү; дарылоо жана айыктыруу жерлериндеги жумуштун жүрүшүн көзөмөлдөө; дарыгерлердин өз кесибинде квалификациясын жогорулатуу жана башкалар кирген [17].

Архивдеги маалыматтар билдиргендей ГУЛАГдын санитардык кызматындагы жумуштун жүрүшү төмөндөгүдөй түзүлгөн: камактагылардын жашоо-шарттары канааттандырарлык эместиги, тамактын жетишсиздиги, оор жумуштарды аткаруу, аны менен катар кылмышкерлердин жалпы абалынын начардыгы, авитаминоз, дистрофия сыяктуу оорулар менен ооруу, ошондой эле жугуштуу оорулар, ар кандай жаракаттар, оорулардын күчөшү, техникалык жана медициналык керектөөлөрдүн жоктугунан жана дарыгерлердин квалификациясынын төмөндүгүнөн оорулууларды айыктыруу шарттары азайган.

БМСБ ЭИИК лагерлериндеги санитардык кызматтын начар иштөөсүнүн натыйжасында кылмышкерлердин өлүмү көп катталган.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында эмгек-түзөтүү лагерлеринде медициналык жактан тейлөө кызматтары жөнгө салынган. Ошол жылдары Карлагада жаңы дарылоо мекемелери ачылган. Мисалы, 1941-жылы 6-августта башкаруунун начальнигинин №651-буйрутмасы менен Жартастагы кайрадан ачылган медстационарга 220 орун, Макатайдагы психозолятордук 50 орун ачылып, анда 112 адамдан турган дарыгерлердин 109 камактагылардын штаты бекитилген. Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын саны көбөйтүлгөнүнө байланыштуу Доминко жана Акмолдук бөлүмдөрүндө да санитардык штаттар кеңейтилген.

Камактагылардын ден-соолугун бекемдөөнүн жаңы түрү катары саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү ачылган. ГУЛАГдын алдындагы саламаттыкты сактоо бөлүмү экинчи Дүйнөлүк согуштун алдында түзүлгөн, бул бөлүм ден-соолукту чыңдоонун мөөнөтү эки жума деп каралган. Эмгек лагерлериндеги ооруп калган камактагылардын ден-соолугун бекемдөө, бир жылда бир гана жолу оорулууларга жогорку нормада тамактандыруу каралган.

Натыйжада, 1945-жылы Казакстандагы баары болуп 660 саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү жана 375 саламтыкты сактоо тайпалары иштеп, анын ичинде Карлагада 43 саламаттыкты сактоо 920 орунга жана 37 саламаттыкты сактоо тайпалары 1211 орунга түзүлгөн.

1949-жылдан баштап ЭТЛдарда профилактикалык эс алуу үчүн саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү уюштурулган. Албетте, бул иш-чаралар толук түрдө камалгандардын ачкачылыгын жана физикалык оорчулуктарын токтото алган эмес.

**Экинчи бөлүм: “Казакстандын аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын өндүрүшкө катышуусу”** деп аталат. Экинчи бөлүмдүн биринчи бөлүгү: **“Өнөр жай өндүрүшүндө камакка алынгандардын эмгегин мажбурлап пайдалануу”**. Берилген бөлүмдө Карагандадагы жана Жезказгандагы эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылардын өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынган. Согуш жылдарынын алдында эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылар кара жумуштарда, көмүр, нефть, газ жана башка энерго-ресуртарды табууда, радий жана кирпич, ошондой эле эмгек колонияларда бут кийимдерди, трикотаж, алюминийден идиш-аяктарды, темирден майда-барат буюмдарды, керебеттерди, ат жабдыктарды жана башка эмеректерди жасашкан.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Карагандадагы эмгек лагердин ЭИИКтин ишмердүүлүк багыттарынын бири ок дарыларды чыгаруу болгон. Ошондой эле механикалык завод даярдаган темирди иштетүү ыкмасын негиздешип, 50мм жана 82мм системалуу миналарды, тактап айтканда М-50, М-82, М-120 өндүрүшкөн.

Согуш жылдары Карлага лагердик бөлүктөрүнүн бири болгон Жезказган лагеринде 95520000 даана төмөндөгүдөй маркадагы М-22, М-50 жана М-82 миналары чыгарылган.

Карлагадагы чарбалык лагердин өсүшү ошол мезгилдеги согуштун талабына ылайык жаңы өндүрүш ишканалары ачылган. Ал ишканаларда айнек, жашылча-жемиш кургатуучу, кант, май өндүрүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун аягында Караганда эмгек-түзөтүү лагерлери өзүнүн жергиликтүү өнөр жай өндүрүшү жана 117 жеке ишканасына ээ болгон, алардын негизгилери 1945-жылы өндүрүш пландарын ийгиликтүү ишке ашырган.

Жыйынтыгында, 1941-45-жылдар ичинде Карлагадагы өнөр жай ишканасынан 156 млн. рубль азык-түлүк чыгарылган. Курулуш механикалык заводунун жамааты Советтик армия үчүн 1 миллиондон ашык каражатка өлчөнгөн мина жөнөтүлгөн. Согуш жылдарында 219 миллион рубль чогултулуп, анын 103 миллион рубли борборго которулган.

Жалпысынан, архивдик материалдардын изилдөөсүнүн жыйынтыгы көргөзгөндөй эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылар өндүрүш ишканаларынан сырткары айыл-чарба азык-түлүгүн да өндүрүүгө катышкан.

Карагандадагы совхоз-лагери ири эт өндүрүү ишканасы 150 миң кой жана 30 миң уйдун этин чыгарган. 1946-жылы 1-январда Карлаганын курамына Акмоло, Караганда жана Көкчөто областтарында жайгашкан 276 жер тилкесине жана фермага ээ болгон 27 ири ишкана кирген жана алардын эсебине 199717 баш мал: 23479 мүйүздүү бодо мал, 167810 кой, 7377 жылкы жана 5413 баш өгүз кирген.

Асыл тукумдуу малдарды өстүрүү жана селекциялык изилдөөлөрдү жакшыртуунун жыйынтыгында жогорку сорттогу эт жана сүт өндүрүлө баштаган. Мисалы, чарбанын ээлигинде жылына 2280 литр сүт жана 462 кг таза салмактагы эт берген «Долинский» тукумундагы 880 баш уй болгон.

5 жылдын ичинде Карлага тарабынан 7 миллион 800 миң пуд буудай, 4 млн 600 миң пуддан ашык картошка, 9 миллион пуд жашылча-жемиштер жана коон-дарбыз чогултулган. Айдоо аянты 27 миң гектарга, ал эми эгин жыйноо талаасы 2800 гектардан 21400 гектарга өскөн. Кургакчыл райондор үчүн буудайдын 16 жаңы сорту чыгарылып, «Алгабасс» буудайы менен «Долинское №86» таруусу мурдагы Советтер Союзунун көптөгөн областтарына тараган. Эмгек-түзөтүү лагерлерине тиешелүү ири бодо малдын саны 20400дөн 23200гө көбөйгөн, ал эми койлордун саны 153500дөн 155500гө өскөн. Фронтко жана өлкөгө 55 миллион литр сүт, 100 миң пуддан ашык каймак майы, 1 миллион  500 миң таза салмактагы эт жиберилген.

Натыйжада Казакстандын аймагында жайгашкан эмгек-түзөтүү лагерлериндеги камактагылар совет элинин фашисттик Германияны жеңүүсүнө зор салым кошкон.

Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин да эмгек-түзөтүү лагерлери өндүрүш ишканаларында эмгектенүүнү улантышкан. Мисалы,

1948-жылы Карлагадагы өндүрүш ишканасынан план боюнча 4730 рубль же 129,3 % товар чыгарылган.

1948-жылы бир өндүрүм продукциясы 3182 рубль, ал эми план боюнча 3576 рубль же 89%ти түзгөн. Пландын толук аткарылбашы рационалдык колдонулуу эмгектик контингент менен байланыштуу, ал эми жеке өндүрүм ишканалардын эффективдүү эместигинен өйдө лимиттик бөлүгү камалган.

ГУЛАГ айыл-чарба лагерлеринде асыл тукумдуу мал, сүт жана дан өстүрүүнүн жаңы сортторун өндүрүүгө жетишкен.

ГУЛАГ дың жерлерди өздөштүрүүдө белгилүү бир деңгээлде салымын кошкон жана 28 ири дан өндүрүүчү совхоз уюштурулган.

Карагандыдагы эмгек-түзөтүү лагериндеги камактагы адамдар Акмолодо 6 совхоз, ошондой эле Павлодарь областында 30 дан кампасынын курулушуна көмөк көрсөткөн. Ушундай иштерге байланыштуу 12 лагердик бөлүм УИТКЛ ЭТЛ Казак ССРине баш ийген жана 4 лагердик бөлүм, совхоздордун алдында болуп УИТКЛ ИИМ Казак ССРине баш ийген.

Натыйжада 1954-1955-жылдары 35 жаңы дан өндүрүүчү совхоздор уюштурулуп, аларда эмгектенүүчү адамдарды тартуу үчүн жаңы лагерлер уюштурулган. Камактагылар совхоздор үчүн үйлөрдү, жатаканаларды, ашканаларды, нан бышыруучу мештерди ошондой эле дан кампаларды жана башка жайларды курушкан.

**Экинчи берененин экинчи бөлүгү: «Эмгек-түзөтүү лагерлериндеги жогорку квалификациялуу адистердин ойлоп табуучулук иштерине катышуусу»** деп аталат. Булак маалыматтарга таянып маанилүү багыттагы ГУЛАГтын БМСБ ЭИИК – СССРдин ИИМ XX кылымдын 30-жылындагы абактагылардын ойлоп табуучулук иштерге катышып илимий-изилденүүчү мекемелер менен биргеликте эмгектенген. 1940-жылы Карагандыга баш ийген эмгек-түзөтүү лагерлеринде ЭИИК тарабынан ойлоп табуучуларга жана рационалдык [БРИЗ] бюро уюштурулган [26].

Уулу Ата Мекендик согуш жылдарында Карлагка 1500 ойлоп-табуучулук сунуштар түшкөн, бул сунуштарды пайдалануу аркылуу лагерлер 2 миллион рубль үнөмдөлгөн. 1946-жылы өндүрүм 750 рационализатордук сунуштар ишке ашырылып, 170186 рубль үнөмдөлгөн.

1955-жылы 46 рационалдык сунушка жараша экономикалык эффект 2739779 рублды түзгөн [27].

Карлыкта айыл чарба өсүмдүктөрдүн 50дөн ашык түрүн: дан, жер-жемиш, чөптүн, картошканын жана башкаларды өстүрө турган тажрыйба сыноочу станция курулган (ОСХС).

Караганда эмгек-түзөтүү лагеринин жогорку квалификациялуу адистери жаныбарлардын генетикасы боюнча ийгиликтүү изилдөө жүргүзүшкөн. Мисалы, 1951-жылы Казакстанда Ак баштуу бодо малдын

жаңы тукумун жаратканы үчүн А.А.Хлатина жана А.В.Ланина «I даражадагы Сталин сыйлыгы» менен сыйланган. Ошондой эле ушул жылы «Кызыл Талаа» жаңы бодо мал тукуму жаратылган. Бул тукумдун бодо малы өзүнүн эт өндүрүмдүүлүгү менен айырмаланган.

Изилдөө жылдарындагы Караганды: ЭИИК түзөтүүчү эмгек лагери үчүн, изилдөө ишинин маанилүү багыты болуп айыл чарба түрүндөгү унаа, трактор жана муңай кыймылдаткычынын кыймылдуу газ генераторлорундагы күрөң көмүрдү газдаштырууну изилдөө болгон. СССРде дагы чет өлкөлөрдөгүдөй отун жана катуу отун, айрыкча, кара жана күрөң көмүрдөн алмаштыруу боюнча көп жылдан бери бир катар узартуулар жөнүндө иш жүргүзгөн.

Жыгач отунга ылайыкташкан күйүүчү май, газ унааларды айландыруу үчүн, Караганда күрөң көмүр чыгаруучу лагеринде ЭИИК эксперименталдык мотор бекетин уюштуруп, аны жогору классификациядагы адистерге көзөмөлдөтүп, узак убакыттар бою Караганда көмүр бассейнинен чыккан күрөң көмүрдү колдонуу боюнча унаа, трактор жана муңай кыймылдаткычтар менен иш жүргүзгөн.

Газ генераторунун көмүр менен саксаулды колдонуудагы иштөө жөндөмдүүлүгүн текшерүү үчүн 5-сентябрда 1936-жылы Караганда–Балхаш–Караганда, андан кийин октябрь 1936-жылдын маршруту боюнча Караганда–Алма-Ата жана 1940-жылы 13-сентябрда Караганда – Алма-Ата–Караганда, жалпы узундугу 2393 км түзгөн. Бул сыноо ийгиликтүү өтүп, автожүрүү сыноосу өткөрүлгөн. Карагандыдагы эмгек лагерлери массалык түрдө ЗИС-5 бензин менен иштөөчү автоунааларды күрөң көмүр менен иштетүүгө өтүшкөн.

Ошентип, күрөң көмүрдү суюк күйүүчү майга алмаштыруу маселеси Карлаг ЭИИК СССР тарабынан оң жагынан чечилип, Советтер Союзунун эл чарбачылыгында өтө кеңири пайдаланууга өткөн.

**Бул үчүнчү бөлүм «Абактагылардын эмгегин жогорулатуунун жолдору жана ыкмалары»** деп аталат. Бул жыйынтыктоо бөлүмүндө абактагылардын эмгек акысын жогорулатуу маселеси каралат, бул максаттар үчүн стимулдаштыруунун ар кандай материалдык, моралдык жана социалдык сыйлоо жолдору колдонулган.

ЭТЛдеги камактагылар үчүн ыраазычылык кат, грамота менен сыйлоо, мөөнөтүнөн мурда бошотуу жана сүрөттөрүн ардак тактага илинүү сыяктуу ыкмалар кеңири колдонулган.

ЭТЛде жакшы эмгектенген абактагыларга төмөнкүдөй ыраазычылык билдирүү жолдору колдонулган: ыраазычылык жарыялоо, өндүрүүдөгү алдыңкы данакерлерди тактайчага илип коюу, мактоо баракчасы менен сыйлоо, «Кесип боюнча эң мыкты» наамын ыйгаруу, акчалай сыйлыктар, күчөтүлгөн азык-түлүк берүү, жашаган турмуш-шарттарын жакшыртуу, ылдамдатылган мөөнөттө жеңилдетилген режимге которуу, жайгаштыруусу менен же жайгаштыруусуз мөөнөтүнөн мурда бошотуу, башкарманын же

колониянын токтому менен ар жыл сайын жаза мөөнөтүн кыскартуу, шарттуу түрдө мөөнөтүнө чейин бошотуу, абактагыларга лагердин аймагынан сыртта жашаганга укук берүү, туугандары менен жолугушууга, соттолгондугун алып таштоо сыяктуу кызыктыруулар оң натыйжасын берген.

1931-жылдын 1-августунан тарта жаза мөөнөтүнө жумушчу күндөрдү киргизүү максаты ишке ашырылды. Эмгекти жогорулатууда «Айлык норманы мөөнөтүнөн мурда аткаруу», «Чечкиндүү күрөш айы», «Өтмө Кызыл Тууну» тапшыруу сыяктуу формалары колдонулган.

1934-жылы 1-январынан баштап абактагы эң мыкты деп эсептелгендерге «Эмгекчил жумушчу» китепчеси уюштурулган. «Эмгекчил жумушчу» китепчеси өз ээсине мөөнөтүнөн мурда бошотуу жеңилдигин берген, ошондой эле анын жакшы эмгегин тастыктаган, үлгүлүү жүрүм-турумун белгилеген сыйлуу документ болгон. «Стахандык» эмгектин ыкмасы менен иштеген абактагыларга бир катар атайын кошумча жеңилдетүүлөр берилген.

СССР Министрлер кеңеши 1947-жылдын 26-январындагы токтомуна ылайык абактагылардын жумушчу күндөрүн эсептөө системасын, эл чарбачылыгынын өзгөчө маанилүү тармактарында алектендирүүнү калыбына келтирген, ошондой эле 1948-жылдан тарта абактагылардын эмгек акысын бөлүп берүү ишке ашырылды.

1954-жылдын биринчи жарымы абактагылардын байкалаарлык деңгээлдеги кужүрмөндүгү менен мүнөздөлгөн. Өндүрүштөгү демилгечилердин жыйналыштары, техникалык конференциялар, кесиптеш жумушчулардын сүйлөшүүлөрү абактагылардын өндүрүштүк кеңешүүлөрү өткөрүлө баштаган. Өзгөртүлгөн шарттарда эркинен ажыратылгандардын чарбалык ишкердик орундары максатты ишке ашыруунун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусун алып келүүсү күтүлгөн, бирок өндүрүштүн ишке ашырылбаган нормаларынын санынын өскөнүн статистикалык көрсөткүчтөр аркылуу белгилүү болгон.

1957-1958-жылдары СССР ИИМдин буйругу менен өндүрүштөгү эмгекчил жумушчулардын катарынан бир нечеси баалуу белектер жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышкан. Мунун баары алардын эмгекчилдик кужүрмөндүгүн жогорулатууга түрткү берген.

Элдик чарба тармагында татаал жана кең масштабдагы милдеттерди орундоодо өзгөчө олуттуу түрдө абактагылардын арасынан професионалдык даярдыктагы адистер талап кылынган. Караганда эмгек-түзөтүү лагеринде пайда болгон бул адистерди даярдоочу окуу комбинант өз алдынча башкармалык-чарбалык бирдик болуп, ошондой эле эл чарбачылыгында да керектүү кесиптерге окутууда чоң тажрыйба топтогон. Карлага ГУЛАГ окутуучу комбинаты иш тажрыйбасы менен бөлүшүп, тажрыйба жайылтуусун сунуш кылган.

Башкача айтканда XX кылымдын элүүнчү жылдарынын аягында эркинен ажыратылгандарды оңдоп-түзөө жана тарбиялоо маселесин чече албаган эмгек-түзөтүү лагерлери жоюлганына карабастан, эмгек-түзөтүү лагерлеринин ишмердүүлүгүндө колдонуучу лагерь контингентинин жөнгө салуучу негизги форма жана ыкмалар аягында мыйзамдуу түрдө бекитилген, ошондой эле эмгек-түзөтүү колонияларынын ишмердүүлүгүндө кеңири колдонулган.

## КОРУТУНДУ

1. Советтик бийлик 30-жылдардын башында абактагылардын эмгегин пайдалануу менен бир нече көйгөйлөрду чечүүнү көздөгөн. **Биринчиден** пенитационардык практиканын чыгашасын азайтуу жана идеалында өзүн-өзү камсыз кылуу же кармоочу изолятордун кирешелүүлүгүнө өтүү. **Экинчиден**, Советтер Союзунда анын ичинде Казакстандын катаал климаттагы калкы аз жана жаратылыш ресурстарына бай райондорду арзан жумуш күчү менен камсыз кылуу.

2. СССРдеги ОГПУ-ЭИИК-ИИМ ГУЛАГтын негизин өлкөнүн алыскы райондорунда ачылган чоң-чоң эмгек-түзөтүү лагерлери түзүлгөн. Бул лагерлер өздөштүрүүнүн борборун түзүш керек эле. Бул территорияларды мөөнөтү аяктап бошотулгандарды жана ошондой эле өзүнүн жүрүм-туруму жана эмгектеги артыкчылыгы үчүн мөөнөтүнөн мурда эркин кирип чыгууга татыктууларды бышыктоо болчу.

3. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында эмгек-түзөтүү лагерлериндеги абактагылардын күч эмгегине болгон суроо талап бир топко көтөрүлгөн. Эркинен ажыратылгандар согуш убагында дээрлик айыл-чарбанын баардык тармактарында, ошондой өлкөнүн коргоо боюнча ишканаларында үзүрлүү эмгектенишкен. Түрмөдөгүлөрдүн эмгеги менен Актөбөдө, Жезказганда, Карсакпайда жана Жездинде коргоо багытындагы ири өнөр-жай ишканалары курулган.

4. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында, буга чейин жашыруун болгон маалыматтардын Казакстандын эмгек-түзөтүү лагерлеринин системасынын кээ бир айырмачылыктары байкалды. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1943-ж.) Караганда эмгек-түзөтүү лагеринин курамында сүргүнгө айдалгандар үчүн атайын лагердик бөлүмдөр ачылган, андан сырткары «өзгөчө» деп аталган төрт лагерь болгон. Бул бөлүмдөрдөгү ишканаларда жыл сайын өндүрүмдүүлүктүн өсүүсү «өзгөчө» лагерге келген жумуш күчүнүн эсебинен өнүгүп турган.

5. Эмгек-түзөтүү лагерлерде абактагыларды мажбурлап иштетүү Советтик экономиканы көтөрүүгө аракеттенген саясаты акталган эмес, бул маселе коомчулукта тескери кабыл алынган. ЭТЛдердин көпчүлүгү Казакстанга жайгаштырылган. Алар өлкөнүн эркин жарандары менен бирге жашап, бирге иштешкен. Бул жагдайда Казакстандык жергиликтүү тургундардын моралдык-этикалык салттарын бузуп, социалдык-

демографиялык абалдарын күтүүсүз өзгөрүүгө дуушар кылган. Мажбурлоого негизделген өндүрүштүк мамилелердин өзгөчөлүгү болуп ишкер (түрмөдөгү) менен жумуш берүүчү (администрация) ортосундагы терең жек көрүү мамилелер сакталат.

6. Түндүк Казахстанын аймагындагы дың жерлерди өздөштүрүүгө ЭТЛлердеги камактагылар чоң салымын кошушкан. Негизинен алар жаңы совхоздорду, эгин-кампаларын, турак-жай үйлөрдү, жатаканаларды, тамак-аш жана башка багыттагы имараттарды курушкан. Ошону менен бирге Балхаш, Жезказган, Карагандадагы шахтыларда оор жумуштарда колдонулган.

7. Казакстандагы ЭТЛдердеги камактагылар жергиликтүү эл менен кошо жашап-иштешкенге байланыштуу, алардын коомго тийгизген терс таасири байкалган. Бул көрүнүш жергиликтүү элдин маданиятына, үрп-адатына жана жашоо тиричилигине терс таасирин тийгизген, социалдык, демографиялык, моралдык, укуктук нормаларынын бузулушуна алып келеген.

Натыйжада, Казакстандын аймагында эркинен ажыратылгандардын эл чарбасын өнүктүрүүдөгү салымын изилдөө илимий жактан маанилүү экенин көрсөттү. Казакстан аймагында согушка чейинки, согуш убагында жана согуштан кийинки жана лагердик системаны жоюу убагында эркинен ажыратылгандар курал-жарак өндүрүү объектилеринде жана айыл-чарба мекемелеринде эмгектенишкен.

Тажрыйба көрсөткөндөй мажбурлап иштетүү ыкмасы белгилүү эмгек-түзөтүү лагерлердин өндүрүштүк ишкердиги кирешесиз болгондугу аныкталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык эмгектин натыйжалары:

– Музейлерде жана китепканаларда баалуу булактар жана тарыхый документтер катары Сталиндик репрессиянын учурунда курман болгондорго арналган Эскерүү китебин, эскерүү бурчун уюштурууга өбөлгө түзөт.

– Аталган илимий эмгектин баалуу тарыхый материалдары Казакстандын ЖОЖдоруна, атайын жана орто окуу жайларга арналган юридикалык, педагогикалык, тарыхый багыттагы окуу китептерин жазууга колдонсо болот.

– Совет мезгилдеги эмгек-түзөтүү лагерлеринин тарыхынын актуалдуу маселелерин толук жана ар тараптуу чагылдыруу үчүн мындан ары да изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү зарыл.

## Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган

1.Ахметов, А.К. XX ғасырдың 30-шы жылдарындағы IIXК Қарағанды еңбекпен – түзеу лагерінде газогенератор техникасының құрылуы [Текст]. / А.К.Ахметов //«Шоқан тағлымы - 14”. Халқаралық ғылыми практикалық конференция. 24-26 апреля- Кокшетау, 2009. - С. 118-123.

2. Ахметов, А.К. XX ғасырдың 40-шы жылдарындағы автотракторлар техникасын сұйық жанар майдан қатты отынға көшіру бойынша IIXК Қарағандыдағы зерттеу жұмысы. [Текст]. / А.К.Ахметов // Высшая школа Казахстана. – Алматы, 2010.- №2. (1) - С. 172-178.

3. Ахметов, А.К. Ішкі Істер Халық Комиссариатының Қарағанды еңбекпен түзеулагері 1940 жылы өткізген Қарағанды – Алматы - Қарағандыавтожорығы. [Текст]. /А.К.Ахметов // Высшая школа Казахстана. -Алматы, 2010.- №2.(1) - С. 178-185.

4. Ахметов, А.К. Еңбекпен түзеу лагерінің қалыптасу кезенінде қамаудағыларды тамақтандырумен ынталандыру (XX ғасырдың30 - жылдары). [Текст]. / А.К.Ахметов // Поиск. -Алматы, 2010.- №3 (1), - С. 127-131.

5. Ахметов, А.К. КСРО IIXК – II министрлігіЕңбекпентүзеу лагерінде (1941-1956жж) қамаудағыларды тамақпен ынталандыру мәселесі.[Текст]. / А.К.Ахметов // Поиск.- Алматы, 2010.- №3 (1), - С.131-135.

6. Ахметов, А.К. Ұлы Отансоғысы жылдарында және соғыстан кейінгі кезеңде (1941-1956жж). Еңбекпен түзету лагеріндегі тұтқындарды ынталандыру. [Текст]. / А.К.Ахметов // Отечественная История. -Алматы 2010.- №2, - С. 15-23

7. Ахметов, А.К. Еңбекпен түзету лагерінің қалыптасу кезенінде тұтқындарды ынталандыру (20ғ 30-шы жылдары). [Текст]. / А.К.Ахметов // ӘльөФараби атындағы Қазақ Ұлттық Университетінің хабаршысы. - Алматы, 2010.- № 2, - С.111-117.

8. Ахметов, А.К. Перевоспитание заключенных трудов исправительно – трудовых учереждениях СССР (40-е-50-е годы XX века). [Текст]. /А.К.Ахметов// Вестник Кыргызского Национального Университета им. Жусуп Баласагына.-Бишкек, 2012. -Выпуск №3, - С,15-19.

9. Ахметов, А.К. Экономическое развитие ГУЛАГ ОГПУ-НКВД СССР в 30-е годы XX века. [Текст] / А.К.Ахметов // Вестник Университета Яссы им Ч.Хана.-Улан-Уде, 2014.10.24. - С.159-163.

10. Ахметов, А.К. Қазақстанда еріксіз еңбек жүиесінің қалыптасуы. [Текст]./А.К.Ахметов// Вестник Гуманитарно-технической академии.- Кокшетау,- №1.(21). 2016. - С.78-83.

11. Ахметов, А.К. Стимулирование принудительного труда заключенных. [Текст]. / А.С.Ормушев, А.К.Ахметов // Махмуд Кашгари-Барскани ат. Чыгыш университети. Билим жана тарбия илимий-педагогикалык журнал. -Бишкек, 2016. - №1(19) - С.3-9.

**Ахметов Алибек Канапьяновичтин 07.00.02 Ата Мекен тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “СССРдеги БМСБ – ЭИИК ИИМдин Казакстан аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин жумуш күчүн пайдалануу (XX кылымдын 1930-1950-жылдары): тарых аспект” деген аталыштагы диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Өзөктүү сөздөр:** репрессия, ГУЛАГ, эмгек-түзөтүү лагери, мажбурлоочу эмгек.

**Изилдөөнүн максаты:** Казакстандын өнүгүү жана кризис мезгилиндеги (1930-жылдардын соңу жана 1950-жылдардын ортосу), СССРдеги БМСБ – ЭИИК ИИМдин лагерлериндеги камактагылардын эмгегин мажбурлап пайдалануунун ыкмаларын толук иликтеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** 1930-жылдын аягы 1950-жылдын ортосу Казакстан республикасынын аймагында БМСБ-ЭИЧК-ИИМ эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин жумушчу күчүн колдонуу жана анын экономикалык социалдык маанисин изилдөө тарыхы эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп генезис, Казакстандын аймагындагы эмгек лагериндеги мажбурлоочу эмгекти өнүктүрүү жана кызмат көрсөтүү белгиленет.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** архивдеги такталган маалыматтардан турган тарыхый принциптер жана илимий объектүүлүк колдонулду. Диссертациялык эмгекте берилген маселени чечүүдө система-аналитикалык, тарыхый-салыштыруучулук, статистикалык методдор пайдаланылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- диссертациянын Казакстандын аймагындагы эмгек-түзөтүү лагериндеги кылмышкерлердин жумушчу күчүн пайдалануу маселесин биринчи жолу архивдеги тарыхый маалыматтардын негизинде илимий иликтениши;
- эмгек-түзөтүү лагериндеги аргасыздан эмгектенгендердин Казакстандын экономикасын өнүктүрүүдөгү ордунун такталышы;
- СССРдин жана Казакстандын аймагындагы эмгек-түзөтүү лагерлеринин чарбалык-өндүрүштүк өнүгүүсүнүн аныкталышы;
- эмгек-түзөтүү лагерлериндеги кылмышкерлердин өндүрүштөгү эмгегин колдонууда социалдык жана экономикалык багыттагы абалдарынын ордунун ачылышы.

**Пайдалануу даражасы жана сунуштар**: Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын жана сунуштарынын негизинде:

- Бул маселе боюнча илимий изилдөө жүргүзүүдө;
- Совет мамлекетинин жана БМСБ-ЭИИК-ИИМдин тарыхын жалпылап жазууда;
- Билим берүү багытында (окуу жайларда лекция даярдоодо, семинардык сабактарды жүргүзүүдө);
- Маданият багытында (музейлерге аналитикалык коцепцияларды түзүүдө); диссертациянын маалыматтарын пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Ахметова Алибека Канапьяновича на тему: «Использование труда заключенных в исправительно – трудовых лагерях ОГПУ-НКВД МВД СССР на территории Казахстана (1930-1950 годы XX века.): исторический аспект» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02-Отечественная история**


**Ключевые слова:** репрессия, ГУЛАГ, исправительно-трудовой лагерь, принудительный труд.

**Целью** исследования является комплексное исследование системы организации принудительного труда заключенных в исправительно-трудовых лагерях ОГПУ-НКВД-МВД СССР на примере Казахстана в период становления, развития и кризиса этой системы (конец 1930-х - середина 1950-х гг.).

**Объектом** данного исследования является система исправительно-трудовых лагерей и колоний, находившихся на территории современного Казахстана в сталинскую эпоху.

**Предметом** исследования являются генезис, развитие и функционирование системы принудительного труда в лагерях и колониях на территории современного Казахстана.

**Методологическую основу** исследования составили принципы историзма и научной объективности, основанные на архивных материалах и на непредвзятом анализе фактического материала.

В диссертационной работе использовались историко-сравнительный, системно-аналитический, статистический методы, что обусловило решение поставленных задач.

**Научная новизна диссертации** заключается в том, что:

− впервые было осуществлено специальное исследование системы использования принудительного труда заключенных в исправительно-трудовых лагерях, расположенных на территории Казахстана.

– выявлена роль подневольного труда в экономике республики;

– определена динамика хозяйственной деятельности казахстанских лагерей, в целом ГУЛАГа ОГПУ-НКВД-МВД СССР;

– раскрыта экономическая и социальная роль использования труда заключенных, и его соответствие основным целям исправительно-трудового воздействия на лагерный континент в исправительно-трудовых лагерях;

**Практическое значение исследования** состоит в том, что содержание и выводы, положения и оценки, сформулированные в диссертации, могут быть использованы при:

– проведении дальнейших научных разработок по данной проблематике;

– создании обобщающих трудов по истории ГУЛАГа ОГПУ-НКВД-МВД СССР;

– учебном процессе (при чтении лекций, проведении семинарских занятий по истории Казахстана);

– при разработке аналитических концепций музейных экспозиций.

## SUMMARY

**Dissertation Akhmetov Alibek Kanapyanovich, subject "The use of the labor of prisoners in correctional-labor camps of the NKVD, USSR Ministry of Internal Affairs in Kazakhstan (1930-1950-years of the twentieth century): a historical aspect. For a degree historical sciences candidate on a specialty 07.00.02-Native history**

***Key words:*** repression, the GULAG, the forced - labor camp, forced labor.

**The purpose of the** study is a comprehensive study of the system of organizing forced labor of prisoners in the correctional labor camps of the OGPU-NKVD-MVD USSR on the example of Kazakhstan in the period of formation, development and crisis of this system (late 1930s - mid-1950s).

**The object of the research** is a system of the forced - labor camps and colonies on the territory of modern Kazakhstan in the Stalin's period.

**The subject of the research** is the genesis, development and functioning system of forced labor camps and colonies on the territory of modern Kazakhstan.

**The methodological basisof the research** were the principles historicism and scientific objectivity, based on archival materials and an unbiased analysis of the evident data. In dissertation work were used such methods as: the historical-comparative, system-analytical and statistical.

**The scientific novelty** of the thesis is that:

– This is the first time a special study of the system carried out in use of forced labor of prisoners in correctional labor camps located in the territory of Kazakhstan.

– Find out the role of forced labor in the national economy;

– Define the dynamics of economic activity of Kazakhstani camps overall GULAG OGPU-NKVD- Ministry of Internal Affairs of the USSR;

– Reveal the economic and social role of labor use prisoners, and its compliance with the main objectives of the forced labor. The impact on the continent of the forced labor camps;

**The practical significance of the study** is that the content, conclusions, and evaluation of the provisions set forth in the dissertation, can be used for:

– For further scientific research on this subject;

– In generalizing of works on the history of the Soviet state and

History GULAG OGPU-NKVD- Ministry of Internal Affairs of the USSR;

– In learning process (while lecturing, conducting seminars classes in the history of Kazakhstan);

– The development of analytical concepts of museum exhibitions.

Формат 60х84/16, объем 1,5 п. л.
Бумага офсет., тираж 100 экз.

ЧП «Сарыбаев Т.Т.».
г. Бишкек, ул. Раззакова, 49
т. 62-67-76